Жебирейил периште мага кошуна жөнүндө «мен кошуна да мурас алат экен» деп мен ойлоп калганга чейин насаат айтып жатты

Ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: «Жебирейил периште мага кошуна жөнүндө «мен кошуна да мурас алат экен» деп мен ойлоп калганга чейин насаат айтып жатты".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Жебирейил периште Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кайра-кайра кайталап, үйгө жакын жайгашкан кошунасына, мусулманбы же каапырбы, тууганбы же башкабы, анын акысын сактап, ага зыян келтирбестен, ага жакшылык кылып жана анын зыянына сабыр кылып, кам көрүүнү буйруп жатканын кабарлап жатат. Жебирейил периште Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кошунанын акысын сыйлаш керек деп ойлогонго чейин кайра-кайра кайталады. Жебирейил периштенин кайра-кайра кайталоосу өлгөндөн кийин кала турган кошунасынын мал-мүлкүнөн мурас берилээрине вахий түшөт деген ойду пайда кылды.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/4965